**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Жаран Салыбек Кыдыралиевдин кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2014-жылдын 7-февралы Бишкек ш.

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын курамы Ж.М. Макешов, Ч.А. Айдарбекова, Э.Ж. Осконбаев, катчы Э.Н. Мусаеванын катышуусунда С. Кыдыралиевдин кайрылуусун карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Жаран С. Кыдыралиев 2013-жылдын 26-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344 - жана 363 - беренелери Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 10-пунктуна жана 20 – беренесинин 5 – бөлүгүнүн 3 - , 8 – пункттарына карама-каршы келет деп табуу доо арызы менен кайрылган.

Доо арызда көрсөтүлгөндөй, Бажы кызматында иштеп жаткан убагында жаран С. Кыдыралиевке чексиз мөөнөткө жалдоо катарында 2006-жылынын 13-июнунда Чүй райондук соттун чечими менен С.Кыдыралиев жумушунан кеткендигине байланыштуу, Токмок бажысы ортосундагы турак жайды жалдоо келишими жокко чыгарылган. Бул чечимди Кыргыз Республикасынын Жогорку соту күчүндө калтырган.

Судьялар коллегиясы кайрылууну изилдеп чыгып, өтүнүч боюнча «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 2 – бөлүгүнүн негизинде, текшерүү жүргүзгөн судья Ж.М. Макешовдун маалыматын угуп, төмөнкүдөй тыянакка келди.

«Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 24-беренесине ылайык, Конституциялык палатада каралуучу иштин себептери болуп, аталган конституциялык мыйзамдын талаптарына жооп берген тариздеги кайрылуу эсептелет жана ушул эле берененин 2-абзацына ылайык, мыйзамдын, башка ченемдик укуктук актынын Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн пайда болуусу ишти кароого негиз болуп эсептелет.

Ал эми жаран С. Кыдыралиевдин кайрылуусу жогоруда аталган мыйзамдын 25-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык таризделген эмес жана С. Кадыралиев кайрылууда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Жазык процесстик кодексинин 344- жана 363- беренелеринин Конституцияга ылайык келүүсү жөнүндөгү маселеде күмөндүүлүктүн бар болгондугун далилдеген эмес, ошондой эле кайрылуусундагы талаптарын негиздеген жүйөөлөрүн келтирген эмес.

Мындан тышкары жаран С .Кыдыралиев кайрылуусунда көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин жогоруда аталган беренелеринин Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 10-пунктуна ылайык келбестиги тууралуу байланышты көрсөткөн эмес. Себеби Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексинин 344- жана 363-беренелери көзөмөл тартибинде даттанууларды же талаптарды берүү мөөнөтүн жана сот актысын жаңыдан келип чыккан жагдайлар боюнча кайра кароо жөнүндө арызды берүүнү жол жобосун белгилейт. Ал эми Конституциянын 20-беренесинин 4-бөлүгүнүн 10-пунктунда Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес болгон турак жайынан өзүм билемдик менен ажыратууга тыюу салынган.

Ошол себептен С. Кыдыралиевдин кайрылуусу конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында каралышына конституциялык мыйзам мүмкүнчүлүк бербейт.

Жогорулардын негизинде «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28 – беренесинин 3 – бөлүгүнүн 1- пунктун жана 5 – бөлүгүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Жаран С. Кыдыралиевдин кайрылуусу өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Арыз ээсине кайтарылып берилсин.
3. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:** **Ж.М. Макешов**

**Ч.А. Айдарбекова**

**Э.Ж. Осконбаев**